КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ
ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА
БАШКАРУУ ИШТЕРИ ЖАНА ЭТНОСТОР
АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР БОЮНЧА
МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО
ПО ДЕЛАМ МЕСТНОГО
САМОУПРАВЛЕНИЯ
И МЕЖЭТНИЧЕСКИХ ОТНОШЕНИЙ
ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин коллегиясынын**

# ТОКТОМУ

2019-жыл 27-декабрь № 01-16/03-3 Бишкек шаары

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин 2020-жылга карата иш-аракеттер Комплекстүү планын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин коллегиясы, 2018-2040 жылдарга Кыргыз Республикасынын Улуттук өнүгүү Стратегиясында, Жогорку Кеңештин 2018-жылдын 20-апрелиндеги № 2377-VI токтому менен бекитилген, Өкмөтүнүн “Биримдик. Ишеним. Жаратмандык” Программасында, 2018-2022-жылдардын мезгилине Региондук саясатынын концепциясында, 2018-2023-жылдардагы жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн Программасында, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарында, Өкмөттүн токтомдорунда коюлган милдеттерди ишке ашыруу максатында жана 2020-жылды Кыргыз Республикасынын Президентинин жылдын аталышын жарыялоосун эске алуу менен кошумча киргизиле турган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин 2020-жылга карата иш-аракеттер Комплекстүү планынын долбоорун карап чыгып,

**токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча

мамлекеттик агенттигинин 2020-жылга карата иш-аракеттердин Комплекстүү планы тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Агенттиктин директорунун орун басарлары М.К. Байдылдаев, Э.А. Тогонбаев, башкармалыктарынын жана бөлүмдөрүнүн башчылары (Ч.Ч. Ачикеева, А.С. Шамеев, Н.С. Ырсалиев, С.Б. Бакасов, Б.С. Казиева, М.М. Жээнбеков, Д.У. Суюнов) 2020-жылга карата Комплекстүү иш планында бекитилген иш-чаралардын сапаттуу жана өз убагында аткарылышын камсыз кылышсын.

3. Агенттиктин башкармалыктары жана бөлүмдөрү белгиленген мөөнөттө Комплекстүү пландын аткарылышы боюнча квартал сайын отчеттук мезгилден кийинки айдын 15-күнүнөн кечиктирбестен Агенттиктин Уюштуруу иштери, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына усулдук жана маалыматтык колдоо көрсөтүү башкармалыгына маалымат беришсин.

4. Уюштуруу иштери, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына усулдук жана маалыматтык колдоо көрсөтүү башкармалыгы квартал сайын отчеттук мезгилден кийинки айдын 20-күнүнөн кечиктирбестен Комплекстүү пландын аткарылышы жөнүндө аналитикалык маалыматты Агенттиктин директорунун кароосуна киргизсин.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин статс-катчысы Н.К. Алишеровго тапшырылсын.

**Коллегиянын терагасы, директор** **Б.У. Салиев**